**2018-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясында жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылга карата аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 26-июнундагы №06-1/447 буйругуна ылайык, аудитор А.А. Раматилаевдин жетекчилиги алдында мамлекеттик инспекторлор Ж.С. Аманкулов, С.А. Султанмуратов, Жаныбек уулу Анарбек, М.К. Макешов тарабын 2018-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясында жана анын ведомстволук мекемелеринде бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы (мындан ары – Улуттук комиссия) эсептелет.

**Аудит субъектисинин милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруучу орган тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле бул аудиттин предмети кирет.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген**:

Биринчи кол коюу укугу менен төрагалар:

Н. Ишекеев 05.01.2017-жылдан 21.01.2021-жылга чейин;

С.Ж. Мусаев 21.01.2021-жылдан 10.05.2022-жылга чейин;

К. Осмоналиев 10.05.2022-жылдан 04.03.2024-жылга чейин;

М.К. Мураталиев 04.03.2024-жылдан тартып.

Экинчи кол коюу укугу менен: башкы эсепчи Н.Ж. Мамбетова

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Улуттук комиссиянын бюджетинин аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча

корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттин критерийлери, Улуттук комиссиянын Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана ички ченемдик укуктук актыларына ылайык аткарылышын изилдөө:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Салык кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктары:

- 2021-жылдын 28-июлундагы №319 “Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын ишин уюштуруу жөнүндө”

- 2022-жылдын 1-августундагы №266 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына Эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө”.

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:

- 2018-жылдын 5-апрелиндеги №186 “Кыргызтест” мамлекеттик мекемесин түзүү жөнүндө”;

- 2011-жылдын 23-августундагы № 489 “Социалдык чөйрөдө иштеген техникалык жана кенже тейлөөчү персоналдын кызматтык маяналарын бекитүү жөнүндө” (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 181 токтомуна ылайык күчүн жоготту);

- 2012-жылдын 12-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө” (КР Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 304 токтомуна ылайык күчүн жоготту) ;

- 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө”

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №181 “Билим берүү системасынын педагогикалык жана

айрым категориялардагы кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө";

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 токтому "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө";

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б жана 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү жөнүндө" Жобо ( КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругуна ылайык күчүн жоготту);

- 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (иштер) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоонун тартиби жөнүндө".

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети, Улуттук комиссиянын ишмердүүлүгү (ишмердигинин) укук орнотуучу ченемдик документтерде бекитилген максаттар жана милдеттерге дал келүүсүн баалоо.

Аудитте, Улуттук комиссиянын (ишмердүүлүгүн) башкаруучу жана жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын нормативдик-укуктук актылары, бюджеттин кирешелеринин жана чыгымдарынын сметалары, кассалык, казыналык жана банктык операцияларынын документтери, кызмат көрсөтүү, материалдык баалуулуктарды сатып алуу жана иш аткарууларга байланыштуу түзүлгөн келишимдер, контрактар жана макулдашуулар, бухгалтердик, финансылык, статистикалык жана башка отчеттуулуктары колдонулду.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмолорго ылайык жүргүзүлдү. Аудитордук тандоо жол-жоболорун жүргүзүүдө Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 15-мартындагы №01-26/44 токтому менен бекитилген "Аудитордук тандоонун жол-жоболорун колдонуу боюнча методикалык сунуштар" пайдаланылды.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптардын сакталышын, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдык жана жөнгө салуу ченемдеринин талаптарына ылайык аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Улуттук комиссия, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тилин өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү жаатындагы бирдиктүү саясатты жүргүзүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болуп саналат.

Улуттук комиссиянын алдында бюджеттик жана атайын каражаттар эсебинен ошондой эле, чарбалык эсеп шартында иш жүргүзгөн “Кыргызтест” мамлекеттик мекемеси, Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору, Окуу-маалыматтык жана котормо борбору жана “Кыргыз тили” гезитинин редакциясы иштейт.

Улуттук комиссиянын бюджети мамлекеттик бюджеттин, басма продукцияларын сатуудан жана көрсөтүлгөн кызматтардан түшкөн каражаттардын, мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн коомдук уюмдар, чарбалык субъекттер тарабынан берилген каражаттардын ошондой эле, мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасын ишке ашырууга багытталган башка иш-чаралардын эсебинен түзүлөт.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Улуттук комиссиянын ишмердигине тиешелүү ички ченемдик иш кагаздары, 2018-жылдан тартып 2023-жыл аралыгындагы ишмердиги жөнүндө баяндамалары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан мурдагы жүргүзүлгөн аудиттин жазма буйругунун аткарылышы боюнча көрүлгөн чаралар жөнүндө, бюджеттик каражаттардын максаттуу пайдаланышы, эмгек акылардын туура төлөнүшү, иш сапар чыгымдарынын талаптарга негиз аткарылышы, дебитордук карыздардын өндүрүлүшү, насыя беренелердин төлөнүшү, мамлекеттик сатып алуулардын талаптарга ылайык сатып алуулары боюнча жумуштар камтылды.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын жыйынтыгында төмөндөгү баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын иши олуттуулуктун көлөмү жана мүнөзү боюнча аудитке камтылган учурларында, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

**Аныкталды/корутунду**

2014-жылдын 1-январынан тартып 2016-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча 7 пункттан турган жазма буйруктун (17.09.2018-ж. №01-23/148) 6,7-пункттары аткарылган ал эми, 1,2,3,4,5-пункттары жарым жартылай аткарылган:

1.3. Улуттук комиссияда мурдагы кассир А. Арабековадан **19,5** миң сом өндүрүлгөн эмес;

2.2. “Кыргыз энциклопедиясы” Башкы редакциясынын эсебиндеги 2018-жылдын 11-январына карата 7221,3 миң сомдук китептердин калдыгы сатылып, андан түшкөн каражаттар республикалык бюджетке чегерүү тууралуу пункту аткарылган эмес;

2.3 “Кыргыз энциклопедиясы” Башкы редакциясы аркылуу республика боюнча мамлекеттик мекеме-ишканаларга сатууга таркатылган 2017-жылдын 1-январына карата 5029,9 миң сомдук китептердин калдыгын сатуудан түшкөн каражаттар тууралуу пункту аткарылган эмес;

2.4. “Кыргыз энциклопедия” Башкы редакциясынын административдик чыгымдарына жумшалган 3672,4 миң сом суммасындагы акча каражаттарын республикалык бюджетке кайтаруу тууралуу аткарылган эмес;

3. Инвентаризациялоонун жыйынтыгында аныкталган. Айрым мамлекеттик ишкана-мекемелерде алынган китептер боюнча 85,1 миң сомго кем чыгууларды ордуна коюу тууралуу жарым жартылай аткарылган.

- Жалал-Абад шаардык мэриясы боюнча - 19,1 миң сомдун ичинен, **12,4** миң ордуна коюлган, калдыгы 6,7 миң сом;
- Жети-Өгүзраймамадминистрациясы боюнча - 15,3 миң сом;
- Каракол шаардык мэриясы боюнча - 6,7 миң сом;
- Ат-Башы раймамадминистрациясы боюнча - 8,6 миң сом;
- Кочкор раймамадминистрациясы боюнча - 26,7 миң сом;
- Нарын областык усулдук билим берүү борбору боюнча - 6,7 миң сом ордуна коюлган эмес.

4. “Кыргыз энциклопедия” Башкы редакциясында 2023-жылдын 1-январына мамлекеттик мекеме-ишканаларга сатууга таркатылган **5029,9 миң сомдук** 5267 даана Энциклопедия китептеринин калдыктары салыштыруу-актыларын түзүү менен дебитордук карыз катары бухгалтердик баланска алынсын деген пункту боюнча **3954,6 миң сомду** түзгөн дебитордук карыз бухгалтердик баланска алынып, жарым-жартылай аткарылган.

**Сунуштама**

Мурунку аудиттердин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктун толук аткарылышы камсыздалсын.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүү программасынын аткарылышы

Программаны ишке ашырууга жалпы 42 997,6 миң сом бөлүнгөн, анын ичинен 2022-жылга 28167,0 миң сом, 2023-жылга 14830,6 миң сом. Программанын иш-чаралар планындагы негизги милдеттеринин бири – мамлекеттик тилди санариптештирүү. Ага ылайык жасалма интеллект

принцибинде иштеген кыргыз тилин табигый түрдө түшүнүүчү программалык аппарат этаптуу даярдалууда. Программанын алкагында, 2022-жылы жасалма интеллект продуктусун иштеп чыгууну жакшыртуу максатында наркы 15000,0 миң сомго кубаттуу компьютер сатылып алынган. Кыргыз тилиндеги тексттерди талдоо жана семантикалык мазмунун иштеп чыгууну ишке ашыруу үчүн 8970,0 миң сом чыгымдалган.

Мындан сырткары, “кыргыз тилин интерактивдүү жеңил үйрөнүүгө багытталган мобилдик колдонмону иштеп чыгуу” милдети боюнча иштелип чыккан талаптарга ылайык, “Дуолинго” колдонмосуна үндөш “Кыргызча оңой/Easy kyrgyz” колдонмосунун 2022-жылы А1 деңгээли, 2023-жылы А2 деңгээлин иштеп чыгуу келишимдери ишке ашырылган.

“Мамлекеттик тилди жеңил үйрөнүүгө багытталган А1, А2, В1, В2 деңгээлиндеги видеосабактарды иштеп чыгуу” милдети боюнча видеосабактар топтому келишимдик негизде кызмат көрсөтүүчү тарабынан даярдалган.

## Бюджеттин аткарылышын талдоо

Улуттук комиссиянын 2018-жылдан тартып 2023-жыл мезгил аралыгындагы республикалык бюджеттен такталган сметасы жана кассалык чыгымдары:

-2018-жылга такталган смета 35605,5 миң сом, кассалык чыгымы 21638,3 миң сом;

-2019-жылга 32535,9 миң сом, кассалык чыгымы 19551,7 миң сом;

-2020-жылга 20092,6 миң сом, кассалык чыгымы 14685,5 миң сом;

-2021-жылга 17 601,6 миң сом, кассалык чыгымы 16116,9 миң сом;

-2022-жылга 55109,5 миң сом, кассалык чыгымы 45227,9 миң сом;

-2023-жылга 41833,0 миң сом, кассалык чыгымы 35056,0 миң сом.

Мындан сыркары, 2023-жылы Бишкек шаарында түрк тилдүү элдердин эл аралык форумун даярдоо жана өткөрүү үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин фондунан Улуттук комиссияга 6781,1 миң сом бөлүнгөн. Чыгымдардын сметасы Улуттук комиссиясынын төрагасы тарабынан 6781,1 миң сомго бекитилип. Уюштуруу комитети, Улуттук комиссия жана ТҮРКСОЙ уюму менен биргеликте 2023-жылдын 20-23-сентябрь күндөрү өткөрүлгөн “Түрк тилдүү элдердин эл аралык форумуна” 4861,7 миң сом суммасында каражаттар чыгымдалган. Бөлүнгөн каражаттан 1919,4 миң сом үнөмдөлгөн жана бюджетке кайтарылган.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын алдындагы **“Кыргызтест”** мамлекеттик мекемесинин бюджет жана атайын каражат боюнча сметасы жана кассалык чыгымдары:

- 2018-жылга бюджет боюнча такталган смета 14324,4 миң сом, кассалык чыгымы 11777,2 миң сом;

- 2019-жылга бюджет боюнча тakталган смета 19046,9 миң сом, кассалык чыгымы 15858,2 миң сом;

- 2020-жылга бюджет боюнча такталган смета 12710,1 миң сом, кассалык чыгымы 11185,3 миң сом;

- 2020-жылга атайын каражат боюнча такталган смета 170,0 миң сом, кассалык чыгымы 130,9 миң сом;

- 2021-жылга бюджет боюнча такталган смета 14940,1 миң сом, кассалык чыгымы 12124,4 миң сом;

- 2021-жылга атайын каражат боюнча такталган смета 2042,8 миң сом, кассалык чыгымы 1400,7 миң сом;

- 2022-жылга бюджет боюнча такталган смета 17357,5 миң сом, кассалык чыгымы 15675,5 миң сом;

- 2022-жылга атайын каражат боюнча такталган смета 1132,8 миң сом, кассалык чыгымы 500,3 миң сом;

- 2023-жылга 19946,3 миң сом бюджет боюнча такталган смета, кассалык чыгымы 16430,8 миң сом;

- 2023-жылга атайын каражат боюнча такталган смета 2556,6 миң сом, кассалык чыгымы 1050,4 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын алдындагы **“Кыргыз энциклопедия жана термонология” борборунун** чарбалык эсеп (хоз расчет) кирешеси жана кассалык чыгымдары (2021-жылга чейинки мезгил аралык аудитке алынган):

- 2021-жылга кирешеси 115,7 миң сом, кассалык чыгымы 116,3 миң сом;

- 2022-жылга бюджет боюнча такталган смета 2262,5 миң сом, кассалык чыгымы 2031,1 миң сом;

- 2022-жылга кирешеси 82,9 миң сом, кассалык чыгымы 16,6 миң сом;

- 2023-жылга бюджет боюнча такталган смета 10931,6 миң сом, кассалык чыгымы 7953,4 миң сом;

-2023-жылга кирешеси 34,7 миң сом, кассалык чыгымы 114,1 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын алдындагы **“Кыргыз тили”** гезитинин редакциясынын чарбалык эсеп (хоз расчет) боюнча (01.01.2018-жылга 4,7 миң сом калдык калган) кирешеси жана кассалык чыгымдары:

- 2018-жылга киреше 1390,6 миң сом, кассалык чыгымы 1417,6 миң сом;

- 2019-жылга киреше 1295,0 миң сом, кассалык чыгымы 1292,3 миң сом;

- 2020-жылга киреше 1318,3 миң сом, кассалык чыгымы 1148,5 миң сом;

- 2021-жылга киреше 936,1 миң сом, кассалык чыгымы 1107,7 миң сом;

- 2022-жылга киреше 1055,9 миң сом, кассалык чыгымы 1047,7 миң сом;

- 2023-жылга киреше 1358,7 миң сом, кассалык чыгымы 1346,0 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын алдындагы Окуу-маалыматтык жана котормо борборунун 2018-жылдын 1-январына карата банктык эсептешүү эсебинде калдык 208,6 миң сомду түзгөн. 2018-2023–жылдар мезгил аралыгына карата чарбалык эсеп боюнча кирешеси жана кассалык чыгымдары:

- 2018-жылга киреше 14179,3 миң сом, кассалык чыгымы 14228,9 миң сом;

- 2019-жылга киреше 259,3 миң сом, кассалык чыгымы 379,9 миң сом;

- 2020-жылга киреше 93,6 миң сом, кассалык чыгымы 120,4 миң сом;

- 2021-жылга киреше 976,5 миң сом, кассалык чыгымы 212,3 миң сом;

- 2022-жылга киреше 160,6 миң сом, кассалык чыгымы 154,4 миң сом;

-2023-жылга киреше 79,8 миң сомду түзгөн, мындан сырткары 2023-жылы Республикалык бюджеттен 1100,4 миң сом каржыланган (айлык маянага 506,7 миң сом, соц фонд төлөмдөргө 17,25% 97,7 миң сом, жабдуулар менен камсыздоого 496,0 миң сом) кассалык чыгымы 1211,4 миң сомду түздү.

**Штаттык ырааттамасы боюнча**

**Улуттук комиссиясында** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомуна Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгына жана мекеменин Жобосуна ылайык штаттык ырааттамалар түзүлгөн.

2018-2023-жылдар мезгил аралыгына карата **“Кыргызтест”** мамлекеттик мекемесинин штаттык ырааттамасында 14 бирдик бекитилген.

2018-2022-жылдар мезгил аралыгына карата “**Окуу-маалыматтык жана котормо борбору”** мамлекеттик мекемесинин штаттык ырааттамасында 4 бирдик бекитилип, жана окуу, котормо иштерин жүргүзүүдө тийиштүү адистерди келишимдин негизде ишке тартуу көрсөтмөсү менен бекитилген.

Ал эми 2023-жылга “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын ведомстволук мекемелеринде иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” №434 токтомунун негизинде борбордун директору тарабынан 3 штаттык бирдик бекитилген.

2021-2023-жылдар мезгил аралыгына карата **“Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору”** мекемесинин штаттык ырааттамасында 22 бирдик бекитилген.

2018-2023-жылдар мезгил аралыгына карата **“Кыргыз тили” гезитинин редакциясы”** мекемесинин штаттык ырааттамасында 6 бирдик бекитилип, 2018-жылы квартал сайын, ал эми 2019-жылдан 2023-жыл аралыгында гезитке мамлекеттик мекемелердин жазылуусуна карап жарым жылда эсептөө жүргүзүлүп, башкы редактор тарабынан смета жана штаттык түзүм бекитилип турган.

## Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясы

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Мамлекеттик имараттар департаменти” мамлекеттик ишканасы менен Улуттук комиссиянын ортосунда түзүлгөн “Коммуналдык кызматтарды төлөө жана мамлекеттик имараттын эксплуатациялык чыгымдары жөнүндөгү” келишимдерге (№3/10 30.01.2023-ж.; №2/1 24.01.2022-ж.;№3/1 01.01.2021-ж.; №1 08.01.2020-ж.; №1 21.02.2019-ж.;№2 19.01.2018-ж.) ылайык, имаратты күтүү боюнча эксплуатациялык чыгымдар **8819,7 миң сом** суммасында 2231 “Коммуналдык кызматтар” беренесинин 22311200 “Электр энергиясына акы” элементинен төлөм жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун 426-пунктуна ылайык, имараттарды жана курулмаларды күтүү боюнча эксплуатациялык чыгымдар 2235 “Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы” беренесинин 22351900 “Башка коммуналдык кызматтарга төлөм” элементине алынып барылууга тийиш.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу” буйругунун талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускаманын

талаптары сакталбастан **65,6 миң сом** суммасында кеңсе товарларынын жана чарба материалдарынын нормативден ашыкча запастары аныкталган.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, Улуттук комиссиясынын 2023-жылдын 31-декабрына карата **65,6 миң сом** суммасындагы бюджеттик каражаттардын ашыкча запастарын, 2024-жылдагы өздөштүрүүсүн эске алуу менен, бюджетке эсепке алуу жагы каралсын.

**"Кыргызтест" мамлекеттик мекемеси**

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомунун 1-пунктуна ылайык, ырастоочу документтер жок болгон учурда турак жайды ижаралоо боюнча акы төлөө чыгымдар суткалык чыгымдардын нормасынан 50 пайыз өлчөмүндө кайтарылууга тийиш. Аталган токтомдун бул талаптары сакталбастан мейманкана чыгымдары **23,0 миң сомго** жогорулатылып төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык, турак жайды ижаралоо боюнча ашык төлөнгөн **23,0 миң сом** өндүрүлүп, бюджетке чегерилсин.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген, "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускаманын аткарылышы боюнча, 2023-жылдын 31-декабрына карата дебитордук жана кредитордук карыздар ортосундагы айырмачылык 2023-жылга **1162,5** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо

жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата **1162,5 миң сом** суммасындагы бюджеттик каражаттардын ашыкча запастарын 2024-жылга өздөштүрүүсүн эске алуу менен, бюджетке эсепке алуу жагы каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-беренесинин 2-пунктунун 1-пунктчасынын талаптарын бузуу менен, сатылып алынуучу товарлардын, жумуштардын, кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногуна мониторинг жүргүзүлбөстөн **529,6 миң сомго** Мамлекеттик сатып алуулар порталына жарыя берилген жана сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчиликтери каралсын.

**Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору**

**Аныкталды/ корутунду**

Жыл башына баланстык наркы 1 128,6 миң сомду түзгөн китеп басып чыгаруу үчүн аппараттын жана 6 967,3 миң сомду түзгөн 8149 даана “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы китептерин Бөкөнбаев көч., №182 дарегинде сактоо үчүн ижара акысына 2022-жылы 804,0 миң сом, 2023-жылы 800,0 миң сом, жалпы 1 604,0 миң сом төлөнгөн, бул бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

Мындан сырткары, мекеме ишканаларга сатууга берилген облустук, райондук администрациялардагы 3 954,6 миң сомду түзгөн 4141 даана “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы китептери жана сакталып турган 6 967,3 миң сомду түзгөн 8149 даана “Кыргызстан” улуттук энциклопедиясы китептери (жалпы 10 921,9 миң сомду түзгөн 12290 даана китептер) сатылбай сакталып турат, бул бюджеттин жоготуусу болуп саналат.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиясынын алдындагы “Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору” мамлекеттик мекемеси баланстык баасы 1128,6 миң сомду түзгөн китеп басып чыгаруучу аппараттарды жана сатууга чыгарылган 10921,9 миң сомду түзгөн 12290 даана китептерди мыйзам чегинде сатуу иштерин жандандырсын, же тийиштүү мамлекеттик органдарга өткөрүп берсин (Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине караштуу мекемелер).

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузуу менен жалпысынан **3,8 миң сом** негизсиз эсептен чыгарылган. Тактап айтканда, 2022-жылы жүк ташуучулардын кызматына төлөнүп берилген **3,8 миң сом** каражаты боюнча аткаруучу тараптын авансалык отчеттору жок (аудит учурунда 3,8 миң сом калыбына келтирилген).

**Сунуштама**

Мындан ары, отчеттогу суммаларды эсептен чыгарууда, бухгалтердик отчет тапшырууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптарын бузууга жол берген кызматтагы адамдардын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

2023-жыл ичинде казыналыктын көчүрмөсүнө, эмгек акыны эсептөө боюнча берилген маалыматына, социалдык камсыздандыруу башкармалыгы менен түзүлгөн салыштырмалуу актылары боюнча жана "Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчеттун" №2 формасына ылайык, Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө" Мыйзамынын аткарылышы боюнча, 2023-жылга карата түзүлгөн балансынын 6 жана 6.1 дебитордук жана кредитордук карыздарды чагылдырган формасынын 17,25 пайыздык социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча 2023-жылдын аягына карата **3,6 миң сом** дебитордук карызды жашырылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**

Кыргыз энциклопедия жана терминология борбору Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун Биринчи май райондук башкармалыгы менен 2023-жылдын 31-декабрына карата жашырылган дебитордук карыздар боюнча тактоо иштерин жүргүзүп, салыштыруу актысын түзсүн.

3,6 миң сом суммасындагы дебитордук карыз эсеп боюнча көрсөтүлсүн.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык

баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастары жана эсептеги каражаттардын калдыктары жалпы суммасы 221,3 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, 2023-жылдын 31-декабрына карата **221,3 миң сом** суммасындагы бюджеттик каражаттардын ашыкча запастарын, 2024-жылдагы өздөштүрүүсүн эске алуу менен, бюджетке эсепке алуу каралсын.

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармасына караштуу “Мамлекеттик имараттар департаменти” мамлекеттик ишканасы менен Кыргыз энциклопедия жана терминология борборунун ортосунда түзүлгөн “Коммуналдык кызматтарды төлөө жана мамлекеттик имараттын эксплуатациялык чыгымдары жөнүндөгү” 2018-2023-жылдар мезгил аралыгында түзүлгөн келишимдерге ылайык, имаратты күтүү боюнча эксплуатациялык чыгымдар **1 604,0 миң сом** суммасында 2231 “Коммуналдык кызматтар” беренесинин 22311200 “Электр энергиясына акы” элементинен төлөм жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун 426-пунктуна ылайык, имараттарды жана курулмаларды күтүү боюнча эксплуатациялык чыгымдар 2235 “Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы” беренесинин 22351900 “Башка коммуналдык кызматтарга төлөм” элементине алынып барылууга тийиш.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 27-сентябрындагы № 5-Б “Кыргыз Республикасынын Бюджеттик классификациясын бекитүү тууралуу” буйругунун талаптарын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузууга жол берген кызматтагы адамдардын

жоопкерчиликтери каралсын

**“Кыргыз тили” гезитинин редакциясы**

**Аныкталды/корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен жалпысынан **5,9 миң сом** негизсиз эсептен чыгарылган. Тактап айтканда, 2023-жылы июнь айында картридждерге сыя толтуруу жана кагаз сатып алууга берилген акча каражаттар боюнча авансалык отчеттору, финансылык документтери жок (аудит учурунда ордуна коюлган).

**Сунуштама**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө” Жобонун талаптары так аткарууга алынсын.

Аудит, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитору А.А. Раматилаевдин жетекчилигинде, мамлекеттик инспекторлор Ж.С. Аманкулов (аудит тобунун жетекчиси) С.А. Султанмуратов, Жанибек уулу Анарбек, М.К. Макешов тарабынан жүргүзүлдү.

**Аудитор** **А.А. Раматилаев**